2-тиркеме

«Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарынын жетекчилерин кызмат ордуна дайындоо, кызмат ордунан бошотуу жана аттестациялоо тартиби жөнүндө жобого
тиркеме

**Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмунун жетекчисинин кызмат ордуна талапкерлерге квалификациялык талаптар**

1. Ушул Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмунун жетекчисинин кызмат ордуна талапкерлерге квалификациялык талаптар Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине жана «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык даярдалган.

2. Орто кесиптик билим берүү уюмунун жетекчисинин кызмат ордуна талапкерлерге квалификациялык талаптар кызматтык милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон кесиптик билиминин деңгээлине, иш стажына жана кесиптик компетенцияларына карата белгиленет.

3. Орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмунун жетекчисинин кызмат ордуна төмөнкү квалификациялык талаптарга жооп берген адам дайындалат:

– жогорку кесиптик билиминин болушу;

– билим берүү чөйрөсүндө же орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмунун профили боюнча 5 (беш) жылдан кем эмес иш тажрыйбасы;

– Кыргыз Республикасынын жарандыгы.

4. Орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмунун жетекчиси төмөнкүлөрдү билүүгө тийиш:

– Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексин, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексин, «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жана орто кесиптик билим берүү чөйрөсүнө тиешелүү, билим берүү мекемелеринин билим берүү,

илимий, өндүрүштүк-чарбалык жана финансы-экономикалык ишин жөнгө салуучу башка ченемдик укуктук актыларды;

– Кыргыз Республикасынын билим берүү системасын өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарын;

– билим берүү системаларын башкаруунун теориясын жана методдорун;

– орто кесиптик билим берүү жаатындагы чет өлкөлүк билим берүү мекемелеринин илимий жетишкендиктерин жана алдынкы тажрыйбаларын.

5. Соттуулугу бар, соттун чечими боюнча белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратылган, сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган адам орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмунун жетекчиси боло албайт.».